**Максаты;** Окуу тарбия процессинде окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуунун оптималдуу жолдорун пайдалануу жана ар тараптан өнүккөн, чыгармачыл, изденген, компетенттүү окуучуларды тарбиялоо үчүн шарттарды түзүү.

**Милдеттер;**

1. Педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу максатында мугалимдер арасында өтүлүүчү ар кандай кароо-сынактарга катышуу;
2. Предметтик олимпиадалардын кийинки этаптарына пландуу даярдыктарды көрүү, республикалык этаптарында ийгиликтерди жаратуу, 5-6-7-класстын окуучуларынан математика, биология, кыргыз тил, информатика сабактарынан тест алып, окуучулардын билимин текшерип туруу.
3. Сабактан тышкаркы убакта предметтик мугалимдер окуучулар менен бирдикте илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү, райондук, шаардык деңгээлдеги изилдөө долбоорлоруна катышуу, жыйынтыгын көрүү
4. Бир сабагынан “2” же “3” чыккан окуучулар менен жекече иш алып баруу менен билим сапаттын стабилдүү өсүүсүн камсыз кылуу
5. Эл аралык жана коомдук уюмдар менен максаттуу иш алып баруу
6. Сабакты начар өздөштүргөн окуучулардын билимин калыптандырууда алардын реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен окутуунун жаңы натыйжалуу жолдорун издөө
7. Тарбия берүү процессинде класс жетекчилердин окуучулардын социалдык абалын эске алуу менен ар бир окуучуга жекече мамиле кылуусу
8. Психологиялык кызматтын ишин активдештирүү